

Күн баарына бирдей тийет

# Өзгөн нуру

Гезит 1934–жылдын 15–июлунда негизделген

№1-2 (7710)
1-январь, 2024-жыл
Дүйшөмбү




# Жаңы жылыңыздар менен!

## Куттуктоо!



Кадырман Өзгөн жергесинин тургундары, коноктору!

Сиздерди кирип келген 2024-балык жылы менен чын жүрөктөн куттуктаймын! Ар бир жылдын өзгөчөлүгү, дөөлөтү болот эмеспи. Узатып жаткан жыл районубуз үчүн чоң ийгиликтердин жылы болду. Наристелерибиз үчүн бала бакчалар,уул-кыздарыбыз үчүн ак мектептер салынып, алар жаңы окуу, тарбия берүүчү имараттардын босогосун атташты.

Калкыбыздын жашоо турмуштарын жакшыртуу үчүн ар бир айыл аймактарында элди тейлөөчү, турмуш-тиричилик ишканалары, соода жайлары ачылып, жолдорубуз оңдолуп, таза суу тартылып жашоо ыргагы алга жылууда.

Ошондой эле калкыбыздын муктаж катмарына бир эле мамлекеттик бийлик эмес коомдук уюмдар, жеке ишкерлер, берешен инсандар кайрымдуулук жасашып жатканы алкоого аларлык иш.

Учурда райондун калкы үчүн үлкөн долбоор ишке ашып, жыл мезгилине карабай жумуштар жүрүүдө. Ал долбоор - Өзгөн шаарыныны калкын таза суу менен камсыздайт жана жаңы коммуникациялык система ишке кирет.

Дагы бир зор долбоор – шаарыбыздын айланма жолу. Канча жылдардан бери сөз болгон бул иш да башталып, жумуштар жүрүп жатат. Мындай иш-аракеттер баардык айыл өкмөттөрүндө турмушка ашырылууда.

Мезгил өткөн сайын эл маданияты да жогорулап, ал күнүмдүк жашообуздан байкаларлык көрүнүп турганы да жакшы жөрөлгө.

Жаңы жылда бизди ийгиликтер коштоп, элибизде тынчтык болуп, мамлекетибиздин Туусу алдында ынтымакта жашообуз улана беришине мен да сиздер сыяктуу тилек кылам.

Жаңы жыл жалпыбыз үчүн ырыс-кешиктүү, бейпил, ооматтуу жыл болсун!

Жаңы жылда баарыңыздарга жарык маанай каалаймын!

**Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким**
**Каныбек АПБАСОВ.**



• Жолугушуу



# Министрдин орун басары- Куршабда

***Өткөн жумада Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин орун басары, милициянын генерал-майору Октябрь Урманбетов Куршаб айыл аймагындагы коомдук алдын алуу борборунда (КААБ) болуп, жергиликтүү тургундар менен жолугушту. Иш-чарага Ош облустук ички иштер башкармалыгынын башчысы Жеңишбек Джоробеков, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Каныбек Апбасов, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, айыл тургундары жана райондук ички иштер бөлүмүнүн өздүк курамы катышышты.***

Анда Урманбетов Кыргызстан менен Австрия өлкөсүнүн ортосундагы биргелешкен коопсуздук жана кылмыштуулуктун алдын алуу жаатында Австрия өлкөсүнүн Вена шаарына барып келишкен иш-сапар учурундагы тажрыйба алмашуу тууралуу кеп салып, Куршаб коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) төрагасы Нурмамат Аширов да кошо баргандыгын, бүгүнкү жолугушуу тажрыйба алмашуунун жыйынтыгы менен алдыңкы КААБдын бири, Куршаб алдын алуу борборунда уюштурулуп жаткандыгын белгиледи. Министрдин орун басары Австриялык кесиптештеринин коомчулуктун ишенимин арттыруу жана кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу максатында укук коргоо органдары менен жарандардын расмий эмес байланышын камтыган “Полиция кызматкери менен кофе” долбоору тууралуу айтып берди. Ошондой эле бүгүнкү күндө ички иштер органдары коомдук коопсуздукту камсыз кылууда заманбап технологияларды колдонуп, жаңыча ыкмалар менен иш алып барып жатышкандыктары жана бардык мезгилдерге жылуу, жеңил, сапаттуу тигилген форма-кийимдер менен камсыз болушкандыгын билдирди. Андан сырткары коомдук коопсуздукту сактоого зор салымын кошкон атуулдарга “ИИМдин колдоо көрсөткөндүгү үчүн” медалдарын тапшырды. Өз кезегинде райондун акими Каныбек Апбасов жана айыл өкмөт жетекчилиги тарабынан ички иштер органдарына ыраазычылык каттар ыйгарылып, министирдин орун басарына жана жалпы катышуучуларга алкыштар айтылды.

Атайын кабарчыбыздан.

## “Өзгөн нурун” окугун

*Намысты бербей эч жерде,*
*Гезитим чыкты токсонго.*
*Сандары чыккан алгачкы,*
*Сакталып турат текчемде.*

*Ынтымагын элдердин,*
*Даңктап келген бул гезит.*
*Каада - салтын улуттун,*
*Сактап келген бул гезит.*
*Таланттарды такшалтып,*
*Таптап келген бул гезит.*

*Чындык менен калп сөздү,*
*Тактап келген бул гезит.*
*Жабырланган жаранды,*
*Жактап келген бул гезит.*
*Улуттардын достугун,*
*Сактап келген бул гезит.*

*Өзгөндүн болсоң кулуну,*
*Окугун “Өзгөн нуруну”.*
*Табылат ушул гезиттен,*
*Ойлордун таза, тунугу.*

## Урматтуу окурман !

**2024-жылдын 1-жарым жылдыгына "Өзгөн нуру" гезитине жазылуу башталды. Жазылуу баасы (почта кызматын кошпогондо) - 6 айга - 500, 1 жылга 1000 сом (1 даанасы).**

# Жаңы жылдык каалоолор!

## Өзгөн райондук мамлекеттик администрациянын башчысы-аким Каныбек Апбасовго



*Окуп чыктым анын өмүр баянын,*
*Окуп бүтүп окуу жайдын далайын.*
*Жогорулап улам анын кызматы,*
*Жооптуу ишке даярдыгын карагын.*

*Он жыл иштеп акимчилик кызматта,*
*Ошол жылдар ээ болуптур урматка.*
*Келечекте максаттары ишке ашып,*
*Көп жакшы иштер жанданса экен биз жакта.*

*Коoз аймак, байлыкка бай жерибиз,*
*Көп улуттуу ынтымактуу элибиз.*
*Токтобогон акимдердин ордуна,*
*Талбай көп жыл иштеп бериңиз.*

## Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Акуш Асанбаевге



*Тажрыйбаңыз Ноокат жакта топтолгон,*
*Татыктуу ийгиликтер коштолгон.*
*Идеялар ишке ашсын Өзгөндө,*
*Ийгиликтер жаралса экен окшогон.*

*Иштеп кетти бул кызматта канчалар,*
*Иштери жок айрымдары мактанар.*
*Максат койгон кадрлардын бирисиң,*
*Мезгил жүгүн деңгээлинде тарта алаар.*

*Идеяны бүтүн колдоп жамааты,*
*Изденип азыр иштеп жатасың.*
*Аракеттер жасалууда тынымсыз,*
*Арттыруу үчүн билим берүү сапатын.*

***Таштан АКЖОЛОВ,***
***Эркин-Тоо айылынын тургуну.***

## Өзгөн райондук жалпы дарыгерлер практикалык борборунун директору Бермет Мамасадыковага



*Догдурлар кийип ак халат,*
*Ардактуу жумуш аткарат.*
*Дарыгерлер борборун,*
*Өзгөндө Бермет башкарат.*

*Учурда ал дарыгер жалындуу,*
*Убакыт өтүп такшалган.*
*Реформа жасайм деп,*
*Билекти түрүп камданган.*

## Өзгөн шаар мэриясынын аппарат жетекчиси Айбек Тешебаевге



*Райондо абийирдүү,*
*Аткарып кеткен көп жылы.*
*Усулчу деген милдетти,*
*Кайсы жерде иштесе,*
*Из калтырган артында.*

*Айбек азыр бул тапта,*
*Мэрияда кызматта.*
*Адилет иштеп, так жүрсөң,*
*Жетесиң кудай кааласа,*
*Кадыр- баркка, урматка.*

## Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Курманжан Ибрагимовага



*Дөң-Булак өкмөтүндө,*
*Жооптуу катчы Курманжан.*
*Документтер иреттүү,*
*Өз ордунда жыйналган.*
*Жылуу, жумшак сөз сүйлөп,*
*Жүзүнөн дайым нур жанган.*
*Токтомдорду том болгон,*
*Талыкпай ушул кыз жазган.*
*Эми сенден өтүнүч,*
*Шакирттерди өстүргүн,*
*Дал өзүңдөй кыздардан.*

## Өзгөн шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Таалайбек Жусуповго



*Секунд санап илим өсүп жатканда,*
*Оңой эмес билим берүү жаштарга.*
*Батына албайт ооз көптүрүп бир да жан,*
*Бул жумушту «опоңой»-деп айтканга.*
*Оор жүктү моюнуңа артынып,*
*Озуп келдиң көбүн артка калтырып.*
*Реформаны жүргүзө бер чечкиндүү,*
*Болсо дагы бут тосуулар, каршылык.*
*Жаңы жылга сага каалоо чын дилден,*
*Ийгиликтер, жалаң гана жакшылык.*

## Жылалды айыл өкмөтүнүн башчысы Улукбек Жээнбаевге



*Оо, Улукбек босогодо жаңы жыл,*
*Ийгиликтер кандай сага жарашкан.*
*Алга айылым, алга элим, алга деп,*
*Ар бир таңда ишке шашып бараткан.*

*Республикада аты чыгып Жылалды,*
*Айыл өкмөттөр арасынан таанылды.*
*Сен Улукбек, Туу көтөрүп кан жолго,*
*Кыргызстандын өнүгүүсүн даңктадың.*

***Жоробай АБДРАИМОВ,***
***Кароол айылы, ардагер-мугалим.***

**ӨЗГӨН НУРУ**
райондук коомдук-саясий гезит
* * *
**Гезит ээси:** Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы
* * *
"Өзгөн нуру" гезитинин редактору:
АЛИЕВ Жалал Абдыкадырович
**Телефон:** 5-05-32

**Редакциянын дареги:** 723600, раймамадминистрациясынын имаратынын 1-кабаты
**Индекс:** 68452
**Жарнак телефону:** 5-05-60

**E:mail:** ozgonnuru2015@mail.ru
**Реквизиттер:** Өзгөн шаары, РСК банкы,
**БИК:** 129048
**Эсеп-счету:** 1290483130020121
**ИНН:** 03004199310047
**ОКПО:** 02492728

**Дизайнер-калыптоочу:**
Жакыпбек НЫШАНБАЕВ.

**Катталуу күбөлүгү**
**№067231**

Редакция каттарга, реклама жана жарыялардын мазмунуна жооп бербейт.

Жарыяланган маалыматтар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.

Гезит айына 2 жолу чыгат, баасы келишимдик негизде

Басылма редакциянын компьютердик борборунда даярдалып, «ММК колдоо борборунун» басмаканасында басылды.
Басмакананын дареги: Бишкек шаары, Анкара көчөсү-1 "Б"
www.msc.kg
**Нөөмөтчү:**
Гүлзина НИЯЗАЛИЕВА.



Нускасы - 2800
Буйуртма -1942

# "Жылдын мыктысы- 2023"



**Кашкабай**
**БАРМАНКУЛОВ,**
Өзгөн район аралык ОАА жана МСЭКБнун санитардык бөлүмүнүн жардамчы санитардык дарыгери



**Пашараткан**
**ЭРМЕКОВА,**
ОшТУнун Б.Мурзубраимов атындагы Өзгөн эл аралык технология жана билим берүү институтунун китепкана башчысы



**Турсунбек**
**БАЙБАЕВ,**
мамлекеттик салык кызматынын Өзгөн району боюнча башкармалыгынын бөлүм башчысы



**Венера**
**ОРМОНОВА,**
мамлекеттик салык кызматынын Өзгөн району боюнча башкармалыгынын башкы инспектору



**Руслан**
**АЛАЙЧИЕВ,**
Өзгөн РМАнын аппарат жетекчиси



**Мыктар**
**МАМАДЕМИНОВ,**
райондук статистика бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары



**Абдыкапар**
**КАМЧИБЕКОВ,**
М.Дубанаев атындагы балдар музыкалык мектебинин сүрөт мугалими



**Айниса**
**Акматалиева,**
Ак-Жар айыл өкмөтүнүн салыкчысы



**Эсенбек**
**ПОЛОТБЕКОВ,**
Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн юристи



**Пазилат**
**ТИЛЕКЕЕВА,**
Өзгөн район аралык ОАА жана МСЭКБнун эпидемиологиялык бөлүмүнүн санитардык паразитологиялык лабораториясынын лаборанты



**Улукбек**
**АЙТИЕВ,**
Ийри-Суу айыл өкмөтүнүн Кыргызстан айылынын айыл башчысы



**Мейликан**
**ДУЙШЕМБИЕВА,**
Өзгөн РМАнын экономика бөлүмүнүн башчысы



**Нурмамат**
**АШИРОВ,**
Куршаб айыл өкмөтүнүн юристи



**Анаркан**
**ТОКТОБАЕВА,**
Кара-Таш айыл өкмөтүнүн айылдык китепканасынын китепкана башчысы



**Абдулхамид**
**АБДУКАРИМОВ,**
Өзгөн шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси



**Зуура**
**АБАКИРОВА,**
Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы



**Сулейман**
**РЫСБАЕВ,**
Ийри-Суу айыл өкмөтүнүн башкы салыкчысы



**Айдана**
**АРСТАНБЕКОВА,**
Өзгөн шаардык мэриясынын башкы адиси



**Бектемир**
**ДУЙШӨБАЕВ,**
КРнын Өзгөн финансы башкармалыгынын жетектөөчү адиси



**Майрам**
**МАМИЕВА,**
Жылалды орто мектебинин биология мугалими



**Монусхан**
**НАСЫРОВА,**
Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн салык кызматкери



**Эркинай**
**Шарипова,**
Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адиси



**Шермамат**
**САМАТАЛИЕВ,**
Мырзаке айыл өкмөтүнүн Мырзаке айылынын айыл башчысы



**Исламбек**
**САТВАЛДЫЕВ,**
Өзгөн райондук ветеринардык лабораториясынын бактеорология секторунун ветдарыгери

# "Жылдын мы



**Чинара ТЕМИРБАЕВА,**
Өзгөн райондук ЖДПБнун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун клиникалык жетекчиси



**Акбар АЙТКУЛОВ,**
Өзгөн райондук шааркуруу жана архитектура башкармалыгынын долбоорлоо бөлүмүнүн башчысы



**Самара ЖЕЕНАЛИЕВА,**
"Мээр чөп" ЖЧКнун фармацевти



**Улукбек ДЖЕЕНБАЕВ,**
Жылалды айыл өкмөтүнүн башчысы



**Гүлсара БИРИМКУЛОВА,**
"Сайкал" балдар бакчасынын директору



**Адылбек БОПОЕВ,**
Көлдүк айыл өкмөтүнүн башкы адиси



**Гүлбарчын ТОКТОБАЕВА,**
Ош технологиялык билим берүү институтунун математика адиси



**Кубаныч ОМОРБЕКОВ,**
Өзгөн райондук ЖДПБнун директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары




**Акылай ШЕРМАТОВА,**
"Алтын ачкыч" МЧББ мекемесинин директору



**Абдылда БЕКИЕВ,**
Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары



**Гүлшайыр ИБРАИМОВА,**
Жылалды орто мектебинин тарых мугалими



**Абдимомун БЕКБОЛОТОВ,**
Өзгөн райондук шааркуруу жана архитектура башкармалыгынын жеке менчик турак жай бөлүмүнүн инженери



**Канымбү МАМАТОВА,**
Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн маалымат технологиялар боюнча жетектөөчү адиси



**Нурланбек ЖЭЭНБЕКОВ,**
Өзгөн РЭТ ишканасынын өндүрүштүк техникалык топтун инженери



**Нуриля АЖИМАМАТОВА,**
№66 А.Маматов атындагы орто мектебинин тарых мугалими



**Искендер МУРАТОВ,**
ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин дене тарбия мугалими



**Алиман КОЖОШОВА,**
Салам-Алик айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы



**Жеңишбек ШАМШИЕВ,**
Өзгөн балык чарбасы мамлекеттик ишканасынын өндүрүш башчысы



**Динара МАДАМБЕКОВА,**
А.Таңатаров атындагы интернат-гимназиясынын химия мугалими



**Мирлан НИЯЗОВ,**
Өзгөн "Унаа" мамлекеттик мекемесинин адиси



**Жумайым СУЛАЙМАНОВА,**
райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтериясынын топ жетекчиси



**Бексултан ТӨЛӨНБАЙ УУЛУ,**
№25 Б.Келдибаев атындагы орто мектебинин физика-математика мугалими



**Мунаргүл ТОРОГЕЛДИ КЫЗЫ,**
"Сайкал" балдар бакчасынын тарбиячысы



**Нуртилек ТОКТОГУЛ УУЛУ,**
Өзгөн РЭТ ишканасынын Мырзакедеги аймактык жетекчиси

# ктысы- 2023"



**Жумагүл ЧОЛПОНКУЛОВА,**
№49 Токтогул атындагы орто мектебинин директору



**Бактияр НАЗАРБАЕВ,**
Өзгөн райондук маданият бөлүмүнүн башчысы



**Эльнура ЖАЛИЛОВА,**
С.Шарипов атындагы орто мектебинин директору



**Дарманакун МЕҢДИБАЕВ,**
Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн Боз-Ала айылынын айыл башчысы



**Анархан КАИМОВА,**
Өзгөн райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын адиси



**Нурланбек АКМАТБЕК УУЛУ,**
Шаардык мэриянын алдындагы "Өзгөн жашылдандыруу чарбасынын" муниципалдык ишканасынын жетекчиси



**Надира СУЛАЙМАНОВА,**
райондук билим берүү бөлүмүнүн методисти



**Маматбек БАЙДӨЛӨТОВ,**
Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн Кандава, Чечебай айылдарынын айыл башчысы



**Гулзат НАЗАРБАЕВА,**
Сатыбалды уулу Жолдош атындагы орто мектебинин китепкана башчысы



**Асилбек АБДУЛЛАЕВ,**
Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысынын милдетин аткаруучусу



**Нафисахон САДИКОВА,**
№4 Ч.Айтматов атындагы орто мектебинин директору



**Жыргалбек ДЖУМАЛИЕВ,**
Өзгөн райондук ӨКБнүн №53 өрткө каршы куткаруу бөлүгүнүн карool башчысы



**Гүлжан ТОКТОСУНОВА,**
Ак-Жар айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы



**Марс БАЕВ,**
райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын адиси



**Гулиза САЛИЕВА,**
"Мээр чөп" ЖЧКнун провизору



**Кубанычбек АРЗИКУЛОВ,**
Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн ВУС инспектору



**Жумасия АЛТЫНБЕК КЫЗЫ,**
К.Раимбеков атындагы мектеп-гимназиясынын орус тили мугалими



**Кубанычбек СОКУЕВ,**
Жазы айыл өкмөтүнүн Жазы айылынын айыл башчысы



**Гулипа УМАРАЛИЕВА,**
№11 Ж.Мойдунов атындагы орто мектебинин физика мугалими



**Асанбек СУЛТАНОВ,**
"Кара-Шоро" улуттук жаратылыш паркынын егери



**Минура ТОЛОНОВА,**
Б.Асранкулов атындагы орто мектебинин тарых мугалими



**Уларбек КАЗЫЕВ,**
Салам-Алик айыл өкмөтүнүн Салам-Алик айылынын айыл башчысы



**Карачбек МИЗАМИДИН УУЛУ,**
райондук ветеринардык башкармалыгынын улук инспектору



**Ислам ИБРАГИМОВ,**
Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн социалдык бөлүмүнүн башчысы

# "Жылдын мыктысы- 2023"



**Нуржамал БУРАКОВА,**
Жыладды орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы



**Нурлан ЭРМАТОВ,**
"Кара-Шоро" МЖПнын егери



**Гүльмира ЭРГЕШОВА,**
Ж.Токторбаев атындагы Куршаб ЖДПБнун Үч-Капчал ФАПтын дарыгери



**Кенжекул ДҮЙШЕЕВ,**
Көлдүк айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы



**Минавар АКЖОЛОВА,**
Жазы айыл кеңешинин жооптуу катчысы



**Суйунбек КАЛИЛОВ,**
Өзгөн райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысынын орун басары



**Гүлжамал ТУРГАНБАЕВА,**
Мырзаке айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси



**Абдинаби БАЛТАБАЕВ,**
Жазы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары



**Аида КАЛЫБЕКОВА,**
Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгынын Өзгөн райондук мамлекеттик архивинин жетектөөчү архивисти



**Темиржан КОЗУЕВ,**
"Өзгөн - Тазалык" ишканасынын директору



**Алтынбек ДЖУМАБАЕВ,**
Жылалды айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары



**Айжан НУРАЛИЕВА,**
№20 А.Калмурзаев атындагы орто мектебинин тарых мугалими



**Акылбек ТУРГАНБАЕВ,**
№06-06 райондор аралык бөлүмүнүн жетектөөчү адиси



**Кенжегүл МАМАШЕВА,**
Куршаб айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адиси



**Тимур МОДУНОВ,**
№06-06 райондор аралык бөлүмүнүн башкы адиси



**Назира ТАШБАЕВА,**
шаардык мэриянын жалпы бөлүмүнүн иш кагаздарын жүргүзүү жана кадрлар боюнча башкы адиси



**Айжан КАРАГУЛОВА,**
Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн маалымат жана технологиялар боюнча адиси

*"Жыл мыктылары – 2023"*

## Сыйга сый, сыр аякка бал

*Ар бир өрөөндүн эл баштаары, сөз баштаары болот. «Эл ичи, өнөр кенчи,»- деп ошондуктан айтылат. Калдайган калктын журт коргоор баатыры, жез таңдай чечени, нуска айтчу карысы болот. Аксакал артында эр жүрөк жигити, адеп баштаган көргөзүүчү суйкайган сулуу кызы турат.*

*Өзөгүнүн тамыры терең Өзгөн жергесинен да ошондой журт сыйына татыгандарды биздин редакция эл сынына коюп, элестерин элге жарыялап отурат.*

*Эл турмушун көтөргөн, калк көңүлүн агарткан, алтындай ден соолукту сактаган, жергебиздин жашыл сулуулугуна кам көргөн мээнеткеч кесипкөй адистер болду алар.*

*Кайсы тармак болсо да алга сүрөгөн, ал азаматтарды чын дилден куттуктайбыз!*

**РЕДКОЛЛЕГИЯ.**



• *Жаңы бакча*

# Балдарга баарын үйрөтөт





Райондук мамлекеттик администрациясы райондо бала бакчанын санын кеңейтүү максатында тийиштүү мекеме-уюмдардын жетекчилери, шаар мэриясы жана жеке ишкерлер менен биргеликте иш жүргүзүп, жыйынтыгында кыска мөөнөттүн ичинде Өзгөн шаарынын Жаңы-Өзгөн аймагында үй шартындагы 50 орундуу балдар бакчасы ачылды. Имарат заманбап жабдыктар менен жабдылып, балдар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Бакчанын ачылуу аземине район жетекчиси Каныбек Апбасов, шаар мэри Залкар Каримов, жергиликтүү тургундар катышышты. Аким Каныбек Апбасов өз сөзүндө бакчанын ачылышына жакындан колдоо көрсөтүп, көйгөй жараткан маселелерди чечүүгө көмөк көрсөткөн жарандарга ыраазычылык билдирип, балдарды мектепке чейинки билим берүү уюму менен камсыз кылуу иш-аракеттери мындан ары да күчөтүлөөрүн айтты.

x x x

Жаңы жыл алдында Салам-Алик айыл аймагындагы Ак-Терек айылынын Кудук участкасында 50 орундуу мектепке чейинки билим берүү мекемеси ачылды.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Рахымбек Мырзакулов мекеменин ачылышына катышып, бала бакчага колдоо көрсөткөндөргө ыраазычылык кат жана белектерди тапшырды.

"Айчүрөк эне" атындагы балдар бакчасын демөөрчү Абдылкасым уулу Садырбек жеке турак жайынын багытын бала бакчага өзгөртүп ачып, жаңы кызмат орундары түзүлүп, жергиликтүү 15 кыз-келиндер туруктуу жумуш орундары менен камсыз болушту.

Аталган жаңы мектепке чейинки билим берүү мекемесинин пайдаланууга берилиши элеттиктерди кубанычка бөлөсө, бөбөктөрдү жаңы дүйнө таанымы жана билим ааламы менен өзүнө тарта алды.

Белгилей кете турган болсок, бала бакчага ылайыктуу имараттарды каралып, каржы булактарын аныкталып, 17 бала бакча бөбөктөргө эшигин ачты.





Гүлзина НИЯЗАЛИЕВА.

## АУКЦИОН ЖАРЫЯЛАЙТ

Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү айыл чарба багытында эмес жер аянттарын аукцион аркылуу убактылуу пайдаланууга ижарага берет.

1. Кремль айылынан – 0,30 га.
2. Лесхоз айылынан – 0,24 га.
3. Ынтымак айылынан – 0,50 га.
4. Ынтымак айылынан – 0,50 га.
5. Ынтымак айылынан – 0,30 га.

Аукцион жарыя гезитке жарыялангандан 2 жумадан кийин айыл өкмөттүн кеңсесинде болот.

Байланыш үчүн телефону: (0779) 63-75-07.

***

Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү Кызыл-Октябрь айылынан муниципалдык менчикте турган 0,25 га. жер тилкесин газаблок чыгаруу максатында ижарага берүү боюнча аукцион өткөрөт.

Аукцион жарыя гезитке жарыялангандан 2 жумадан кийин айыл өкмөттүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Байланыш үчүн телефону: (0779) 63-75-07.

***

Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү Ынтымак айылындагы муниципалдык менчиктеги инфраструктуранын жер аянттарын пайдалануу үчүн аукцион аркылуу ижарага берет.

1. Мончо – 871 м.кв.
2. Дарыкана – 615 м.кв.
3. Соода тейлөө имаратынын аянты – 1000 м.кв.
4. Кичи базар – 640 м.кв.

Аукцион жарыя гезитке жарыялангандан 2 жумадан кийин айыл өкмөттүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Байланыш үчүн телефону: (0779) 63-75-07.

***

Жылалды айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун ижара келишиминин мөөнөтү бүткөн жерлери аукцион аркылуу ижарага берилет.

Аукцион жарыя гезитке жарыялангандан 2 жумадан кийин айыл өкмөттүн кеңсесинде өткөрүлөт.

Байланыш үчүн телефону: (0778) 65-39-18.

***

Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Жылышма участкасындагы кайра бөлүштүрүү фондунун кайрак айдоо 55,0 га., чөп ормо 79,5 га. жерлери аукцион аркылуу ижарага берилет.

Аукцион жарыя гезитке жарыялангандан 2 жумадан кийин айыл өкмөттүн кеңсесинде өткөрүлөт.

## ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБЫЛСЫН

Өзгөн РЭТ ишканасынын инспектору Эгешов Жеңишбек Пазыловичке берилген жазылбаган төмөндөгү акт нарушениялар №826, 2730, 2731, 2732 жана техникалык актылар №200363, 200364, 200366, 200367, 200368, 200369, 200370, 200371 номерлери жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Куршаб айыл өкмөтүнүн тургуну Кудайбердиева Санабаркан Омаралиевнага таандык академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин биология адистигин аяктагандыгы жөнүндө 2014-жылдын 20-августунда берилген №CD140184158 номерлүү дипломунун тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## МУКТАЗАР АКМАТОВ



Билим берүү тармагында, партиялык, советтик кызматтарда жана басма сөздө үзүрлүү эмгектенип, өлкөнүн өнүгүшүнө өз салымын кошкон белгилүү журналист Муктазар Акматов 90 жаш курагында көз жумду.

Ал 1934 - жылы Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылында туулган. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин аяктаган. Мугалим, комсомолдун Куршаб райондук комитетинде инструктор, Өзгөн райондук аткаруу комитетинде инструкторлук кызматтарды аркалаган. Жаштайынан эле китептерди көп окуп, чыгармачылыкка ык койгон. Бирок, анын сүйгөн кесиби журналист болчу. Бул максатта өжөрлөнүп жүрүп, "Октябрь Туусу" (азыркы "Өзгөн нуру") гезитине адегенде корректорлук кызматка кабыл алынган. Үч айдан соң адабий кызматкерликке которулган. Кийин газетанын бөлүм башчылык кызматын аркалады.

Муктазар Акматов эмгектенген жылдары гезитти ар дайым оомат жылоолоп турду. Жергиликтүү басылма 5 жолу республикада, областта жеңүүчү болгон. Ошол кездеги газетанын мазмундуу, сапаттуу чыгышына анын да салымы зор эле. Ал колунан калемин түшүрбөй, жоопкерчилик менен изденип иштеп, бийик ойлуу, мазмундуу макалалары, очерктери, сүрөттөмөлөрү менен эмгек азаматтарын жазып даңазалаган. Ошондой эле ойдун омоктуусун, сөздүн сөөлөттүүсүн таап куюлуштуруп сүйлөгөн чечендиги менен да өзгөлөрдөн айырмаланчу.

Калемгердин макала жазуу үчүн райондун ар бир айыл-кыштагын кыдырып, жайдын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон күндөрү канча болду. Баарына кайыл болуп, басса-турса ой багып, болочок материалынын ары кызыктуу, ары таасирдүү жазылышын көздөчү. Ал үчүн чыгармачылык дараметин жумшап, түшөлүп нечен-нечен ар кандай жанрдагы макалаларын гезит беттеринде чагылдырды. Мисалы, "Кыргыз тили мамлекеттик тил", "Жаштар биздин келечегибиз", "Карыяларга кайрыла жүрөлү", "Салтты билген жакшы экен" өңдүү ой-толгоолоруна редакциянын куржунына көптөгөн откликтер келип түшкөнү али эсибизде.

Журналист ар тараптуу болот эмеспи. Анын котормочулук жагы да бар эле. Башка элдин мыкты жазуучу - акындарынын ырларынан, таржымал, макалаларынан кыргызчага которуп берип, гезитке жарыялап турчу. Ыр, анекдотторду да жазып калемин курчутчу.

Ал "Өзгөн нуру" гезитинде 25 жыл талыкпай иштеп, көбүнчө тарбиялык маанидеги проблемалуу макалаларды, ой-толгоолорду, сын материалдарды жазып, өзүнүн курч калеми менен окурмандарга таанылган.

Муктазар Акматов ардактуу эс алууга чыккандан кийин да колунан калем сабын түшүрбөй, 1 китептин автору болду. Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү Муктазар Акматовдун өрнөктүү өмүр жолу кийинки арпактарга үлгү. Анын жаркын элеси, эмгектери элинин эсинен кетпейт.

**Өзгөн райондук ардагерлер кеңеши,**
**"Өзгөн нуру" гезитинин**
**чыгармачыл жамааты.**

"Өзгөн нуру" гезитинин эмгек жамааты гезиттин мурдагы басмакана кызматкери Клара Мамаевага

**апасы Түйгүндүн**

дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат.

"Өзгөн нуру" гезитинин эмгек жамааты гезиттин мурдагы кабарчысы, ардагер-журналист

**Муктазар Акматовдун**

дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу анын үй-бүлөсүнө, уул-кыздарына жана жакын туугандарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мурунку Өзгөн шаары, Кара-Кулжа жана Өзгөн райондук мамлекеттик экологиялык жана техникалык коопсуздук башкармалыгынын жалпы эмгек жамааты кесиптеши

**Бегали Даткаевдин**

мезгилсиз дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу анын үй-бүлөсүнө, уул-кыздарына жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөт.

• *"Ийгиликтүү аймак 2 долбоору"*

# Зордук-зомбулуксуз коом үчүн

***Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калкка кызмат көрсөтүүдө натыйжалуулугун жана жоопкерчилигин жогорулатуу аркылуу калктын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган. Долбоор Кыргызстандын төрт облусундагы муниципалитеттерге жардам берет.***

## Дөң-Булак айыл өкмөтүндө

Долбоордогу өнөктөштөргө Өзгөн районундагы Дөң-Булак өкмөтү да тартылган. Жакында ушул долбоор боюнча аталган айыл өкмөтүнүн маданият үйүндө "Зордук-зомбулуксуз коом үчүн" темасына таланттар конкурсу болуп өттү. Ага аймактын жашоочулары, мектеп окуучулары, жергиликтүү кеңештин депутаттары ,айыл өкмөттүн аппараты, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун өкүлдөрү катышышты. Иш-чаранын жүрүшүн Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн жоопту катчысы Курманжан Ибрагимова алып барды. Ал бул күнкү конкурс үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүнө коомчулуктун көңүлүн буруу, үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөө, зомбулукту эч бир түрүндө кабыл албоо маданиятын калыптандырууда көп түрдүүлүктүү, адам укуктарын урматтоо, позитивдүү коммуникациялык баарлашууну өнүктүрүү максатында өткөрүлүп жатканын катышуучуларга айтып берди.

Ал эми аталган долбоордун Ош облусу боюнча аймактык координатору Абдилбоки Толипов "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында ишке ашырылып жаткан "Зордук-зомбулуксуз коом үчүн" темасынын милдеттери: ЖӨБОнун, жергиликтүү тургундардын зомбулуктун бардык түрлөрүн алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды өткөрүүдө күч аракеттерин активдештирүү, аялдардын чечим кабыл алуу процесстерине катышуусун күчөтүү үчүн аймактардын элин гендердик теңчилик жөнүндө жалпы маалымдуулугун жогорулатуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга үндөө болуп саналарын маалымдады.

Ошондой эле бул иш-чара жөнүндө буларга токтолду: Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук дүйнө жүзү боюнча орун алып келет. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук деп аялдарга физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян же азап алып келген зомбулуктун ар кандай түрү эсептелет. Бул зордук-зомбулук, мажбурлоо же негизсиз эркиндигинен ажыратуу менен коркутууларды камтыйт. Зомбулуктун бардык түрү адам укуктарын бузуу болуп саналат. Көбүнчө аялдарга жана кыздарга карата зомбулукбул үй-бүлөлүк зомбулук. Үй-бүлөдөгү зомбулук-ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн экинчисине физикалык, сексуалдык, психологиялык жана экономикалык зомбулуктун ар кандай түрлөрүн колдонуусу саналат. Ошондуктан, зомбулуукка каршы жыл сайын эл аралык 16 күндүк компания жүргүзүлүп келет, - деди.

Андан ары сүрөт, ыр, бий конкурсу өткүрүлдү. Конкурска мектеп окуучулары катышышты.Сүрөт конкурсунун жыйынтыгында Нурайым Токтобаева, Шумкарбек Бопоев, Мухаммед Нышанов, Мияна Бурканалиева, Таңсулуу Жунусова, Аяна Алибаев, Айзирек Асилбекова, Азиза Бахтахунова, Гүлжамал Акматжановалар 2-3-4-орундарга жетишишти. Ал эми бий конкурсунда 1-орунга Б.Мурзубраимов атындагы Өзгөн эл аралык технологиялык жана билим берүү институтунун, 2-орунга Т.Сарыков атындагы орто мектебинин, 3-орунга Бахмал орто мектебинин, 4-орунга Т.Төлөнбаев атындагы орто мектебинин бийчилер тобу ээ болушту.

Ырчылар конкурсунун жыйынтыгында Берик Ахматжанов гран-при, 1-орунга Жанара Ташболотова, 2-орунга Айзура Нурматова, 3-орунга Нурислам Жээналиевдер татыктуу болушту.

Сонунда жеңүүчүлөргө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын Ардак грамоталары, акчалай сыйлыктары жана кызыктыруучу белектер тапшырылды.

Бетти даярдаган: Тургунбү МАТМУСАЕВА.







